# Башкаруу деңгээлдери ортосундагы бюджеттик диалог: Латвиянын тажрыйбасы

**Мудите Приеде**
Латвиянын Өз алдынча башкаруулар Ассоциациясынын Башкы катчысы

март, 2022

# Латвиянын мамлекеттик түзүлүшү

- Латвия – көз карандысыз демократиялык республика.
- Латвия мамлекетинин суверендүү бийлиги Латвиянын элине таандык.
- Парламент (Сейм) эл шайлаган жүз өкүлдөн турат. Сейм жалпы, тең, түз, жашыруун жана пропорционалдуу шайлоо аркылуу 4 жылга шайланат.
- Мамлекет башчысы – Сеймдин жөнөкөй көпчүлүк добушу менен жашыруун добуш берүүдө 4 жылдык мөөнөткө шайлануучу мамлекеттин президенти.
- Латвиянын Өкмөтү – мамлекеттин Президенти дайындаган жана Сейм бекиткен адам тарабынан түзүлгөн Министрлер кабинети. (13)

# Коомдук бийликтин структурасы



# Латвиянын өз алдынча башкаруулары

1990-жылдан кийин 602 өз алдынча башкаруу болгон:

- Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар – 495 волость (муниципалитет), 68 шаар
- Аймактык өз алдынча башкаруу – 26 район
- Республикалык 7 шаардын жана Риганын 6 районунун жергиликтүү жана аймактык функцияларын бириктирип аткарчу


2009-жылдан кийин 119 өз алдынча башкаруу болду

- 110 муниципалитет (*novads*)
- 9 (республикалык) шаар


2021-жылдан кийин 43 өз алдынча башкаруу калды

- 33 муниципалитет (*novads*)
- 10 мамлекеттик шаар (төртөө айыл жери менен)

# Латвиянын өз алдынча башкаруулары



119



43

# Жергиликтүү өз алдынча башкарууларды шайлоо

- Төрт жылда бир жолу
- Добуш берүү – түз, жалпы, жашыруун, 5 пайыздык чекке пропорционалдуу.
- Өзгөртүлүүчү тизмелер болот, шайлоочу "+" белгисин кошуп же талапкерди чийип сала алат
- Добуш берүү укугуна Латвиянын жана Евробиримдиктин 18 жашка толгон жарандары ээ
- Депутаттардын саны өз алдынча башкаруунун жашоочуларынын санына жараша аныкталат

# Депутаттардын саны

**Муниципалитеттерде**

- *30 000 жашоочуга чейин - 15 депутат;*
- *30 001ден 60 000 жашоочуга чейин - 19 депутат;*
- *60 000ден ашык жашоочу - 23 депутат*.

**Мамлекеттик шаарларда (6)**

- *50 000ге чейин жашоочу - 13 депутат;*
- *50 000ден ашык жашоочу - 15 депутат*.
- **Ригада** - *60 депутат*.

# Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун функциялары 1

- Тургундарга коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштурат;
- Тазалык жана санитардык тартип үчүн жоопкерчилик алат;
- Коомдук пайдаланууда болгон токойлорду жана сууларды колдонуу тартибин аныктайт;
- Билим берүү үчүн жоопкерчилик алат (мектепке чейинки жана орто билим берүү);
- Салттуу маданий баалуулуктарды сактоого жана элдик чыгармачылыкты өнүктүрүүгө көмөктөшүү менен маданиятка кам көрүшөт;
- Алгачкы медициналык жардамдын жеткиликтүүлүгүн кепилдейт, ошондой эле калктын сергек жашоо образына жана спортко көмөктөшөт;

# Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун функциялары 2

- Жашоочуларга социалдык жардам беришет (аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жана социалдык жактан корголбогон адамдарга социалдык жардам, карыларды пансионаттарда орун менен камсыз кылуу, жетим балдарды жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдарды окуу жана тарбия мекемелеринде орундар менен камсыз кылуу; үйсүз калгандарды түнөк жай менен камсыз кылуу);
- Балдарды багууга, камкордукка алууга, асырап алууга жана алардын жеке жана мүлктүк укуктары менен кызыкчылыктарын коргоого кам көрүшөт;
- Тургундарга турак-жай маселесин чечүүгө жардам беришет;
- Тиешелүү административдик аймакта чарбалык ишмердикке көмөктөшүп, жумушсуздуктун деңгээлин төмөндөтүүгө умтулушат.

# Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун функциялары 3

- Коммерциялык ишмердүүлүккө уруксаттарды жана лицензияларды берет;
- Коомдук тартипти камсыз кылууга, аракечтикке жана начар жүрүм-турумга каршы күрөшүүгө катышышат;
- Тиешелүү өз алдынча башкаруунун аймагын пландаштырууга ылайык жер участокторун пайдалануунун жана курулуш жүргүзүүнүн тартибин белгилейт.;
- Жарандык абалдын актыларын каттоону жүзөгө ашырышат;
- Жарандык коргонуу боюнча иш-чараларды камсыз кылууга катышат;
- Коомдук транспорттун кызмат көрсөтүүсүн уюштурат ж.б.

# Латвияда бюджеттик система

**Өлкөнүн маалыматтык, бириктирилген бюджети**

**Мамлекеттик бюджет**

- Негизги мамлекеттик бюджет
- Атайын (социалдык) мамлекеттик бюджет

Сеймдин добуш берүүсү

**Өз алдынча башкаруулардын бюджети**

- Негизги бюджет

**Мамлекеттик бюджеттен жарым-жартылай каржылануучу туунду коомдук жактардын бюджеттери (университеттер)**

Мамлекеттик бюджеттен жана өз алдынча башкаруулардын бюджетинен каржыланбаган мекемелердин бюджеттери

**ESA 2010го түзөтүүлөр**

**ESA (Улуттук эсептердин Европа системасы) методологиясына ылайык өлкөнүн маалыматтык бириктирилген бюджети**

# Өз алдынча башкаруулардын бюджетин пландаштыруу

- Өз алдынча башкаруу органдары мыйзамдарды жана Министрлер Кабинетинин токтомдорун сактоо менен бюджетин өз алдынча иштеп чыгат, бекитет жана аткарат.
- Өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттери негизги бюджеттен, кайрымдуулуктан жана демөөрчүлөр бөлгөн каражаттан турат.
- Мамлекеттик башкаруу органдары, эгерде мыйзамда каралбаса, өз алдынча башкаруу органдарынын бюджетин иштеп чыгууга жана аткарууга кийлигишпеши керек.
- Өз алдынча башкаруу органдары өз бюджетин жылдык мамлекеттик бюджет жөнүндө мыйзам жарыялангандан кийин эки айдан кечиктирбестен кабыл алууга милдеттүү.
- Өз алдынча башкаруунун жылдык отчетунун финансылык текшерүүсүнө аудитордук фирмалар, сот тарабынан бекитилген ревиденттер жана Мамлекеттик контроль органы катышат.

# Өз алдынча башкаруулардын бюджети

Өз алдынча башкаруу органдары бюджетти төмөнкүлөргө таянып түзүшөт:

- Өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамга
- Өз алдынча башкаруунун бюджети жөнүндө мыйзамга
- Бюджет жана финансыны башкаруу жөнүндө мыйзамга
- Өз алдынча башкаруунун финансысын теңдештирүү жөнүндө мыйзамга

# Өз алдынча башкаруулардын бюджети
## *(Кирешe бөлүгү)*

*Консолидацияланган бюджетте өз алдынча башкаруулардын киреше бөлүгү 25-27% түзөт*

- Салыктар
- Мамлекеттин жана өз алдынча башкаруулардын алымдары
- Максаттуу дотациялар
- Теңдештирүү фондунун дотациялары
- Мам.бюджеттин инвестициялары
- Насыялар
- Кайрымдуулук
- Кызмат көрсөтүүлөрдү төлөө
- Өз алдынча башкаруунун мүлкүн башкаруудан түшкөн кирешелер
- Өз алдынча башкаруулардын ишканаларынан түшкөн пайданын бир бөлүгү

# Өз алдынча башкаруулардын салыктары

Латвияда бир дагы салык мыйзам тарабынан өз алдынча башкаруунун салыгы катары белгиленген эмес.
Кыймылсыз мүлккө салыктын ставкасын төмөндөтүүгө уруксат берилет

- калктан киреше салыгы - 75% үлүш;
- кыймылсыз мүлк салыгы - 100% үлүш;
- кумар оюндарына салыктын үлүшү;
- жаратылыш ресурстарына салыктын үлүшү.

# Латвиянын Өз алдынча башкаруулар Ассоциациясы

## Укуктук статусу

- 1991-жылдан бери ыктыярдуу коомдук уюм
- 10дон ашык мыйзам менен өз алдынча башкаруу органдарынын жалпы пикирин билдирген өкүл катары таанылган
- Критерий – бардык түрлөрдүн жарымынан көбүнүн атынан чыгууга тийиш (учурда 2 түрү бар: шаарлар жана муниципалитеттер)

- Министрлер кабинети менен сүйлөшүүлөрдө мыйзамдын негизинде өнөктөш катары таанылат
- Ассоциациянын мүчөлөрү – жергиликтүү муниципалитеттер жана шаарлар
- CLRAE жана Евробиримдиктин Региондор комитетине өкүлдөрдү дайындоо укугу бар

# Бюджет жана финансылык башкаруу жөнүндө мыйзам

"Латвиянын Министрлер Кабинетинин жана Өз алдынча башкаруулар Ассоциациясынын макулдугу жана макул эместиги" протоколу Мамлекеттик бюджеттик документтер пакетинин милдеттүү бөлүгү болуп саналат.

# Сүйлөшүүлөр маалында көтөрүлчү маселелер

- Жалпы мамлекеттик дотациялардын жана максаттуу дотациялардын көлөмү
- Финансыны теңдештирүүнүн тартиби
- Жаңы автономдук функцияларды каржылоо булактары
- Министрлер Кабинетинин мыйзам долбоорлору жана эрежелеринин долбоорлору
- Башка суроолор

# Сүйлөшүүлөрдүн графиги

- 1-апрелге чейин суроолор аныкталат
- 1-августка чейин Латвиянын Өз алдынча башкаруулар ассоциациясы менен министрликтердин ортосунда сүйлөшүүлөр жүрөт
- 1-сентябрга чейин протокол даярдалат
- 1-октябрга чейин протокол Министрлер Кабинетинде жана Латвиянын Өз алдынча башкаруулар ассоциациясынын Думасында каралып, ага кол коюлат

# МАКУЛДУК ЖАНА ПИКИР КЕЛИШПЕСТИК ПРОТОКОЛУ

- Даярдалган долбоорду Министрлер Кабинети бекитип, премьер-министрге кол коюуга ыйгарым укук берет
- Даярдалган долбоорду Латвиянын Өз алдынча башкаруулар ассоциациясынын Думасы бекитет жана төрагага кол коюуга ыйгарым укук берет
- Мамлекеттик бюджеттин долбоору менен кошо протоколду өкмөт парламентке жөнөтөт



# Парламент менен сүйлөшүүлөр

- Фракциялар менен иштешет
- Комиссиялар менен иш туруктуу жүргүзүлүп келет



**Латвиянын Өз алдынча башкаруулар Ассоциациясы**

# Көңүл бурганыңыз үчүн рахмат!

